“Кимде-ким Аллах Тааланы Раббим деп, Исламды диним деп жана Мухаммадды пайгамбарым деп ыраазы болсо, ыймандын даамын татыптыр

Аббас бин Абдулмуталиб (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын укканмын: “Кимде-ким Аллах Тааланы Раббим деп, Исламды диним деп жана Мухаммадды пайгамбарым деп ыраазы болсо, ыймандын даамын татыптыр".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабарлайт: Ыйманында чынчыл, ыймаңы жүрөгүндө бейпилдик тапкан ыймандуу адам ушул үч ишке ыраазы болсо, жүрөгү менен тынчтыкты, кенендикти, кубанычты, Аллахка жакындыгынын даамын сезет: Биринчиси: Аллахтын Рабби экенине ыраазы болсо. Мында Аллахтын Раббилик тарабынан берилген ырыскыларга жана ар кандай абалдарга көкүрөгү кеңейип ыраазы болот. Жүрөгүндө ага каршы эч нерсени сезбейт жана Аллахтан башка нерсени Рабби кылып албайт. Экинчиси: Исламдын дин болгонуна ыраазы болуу. Мында Исламдын моюнга жүктөгөн буйруктарына жана важибтерине жүрөгү менен ыраазы болуп, Исламдын жолунан башка жолго ыраазы болбойт. Үчүнчүсү: Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) элчи болгонуна ыраазы болуу. Мында пайгамбарыбыз алып келген динге шек-күмөнсүз ишенип, ага кубанып жана ыраазы болот. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жолунан башка жолго түшпөйт.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65116